1446/412
58 листов.

412

Солтобайдын
ырлары

# Мазмуну.


| № | Ырлардын аттары | бети |
|---|---|---|
| 1. | Амандашын ырдалган ыр | 1–19 |
| 2. | Боромбайдын керээзи | 20 |
| 3. | Солтобайдын Шабданды коргогону (Молдокениники боюнча) | 26 |
| 4. | Бугу уруусунан көчүп барган (Ат-Башыга) манаптарга карата ырдаганы | 33 |
| 5. | Ысык-Көл менен коштошуу | 35 |
| 6 | Солтобайдын... Текес м/н коштошуп айтканы | 49–58 |
| 7. | ~~Солтобайдын Шабданды коргогону ЖОК~~ | ~~1–6~~ |


Бардыгы 58+6 = 64 бет. 58-бет.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 412
58 стр. 1932 г.
Кир. ФАН СССР

Солтобойдук ырлары

I.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 1446
5-8 местов.
Кир. ФАН СССР

## ÇЬLDЬZ.

Çazuucu Cectəbəlyk birinci rajenunun Aq talaa mektebinin muqalimi Ьвьrajьm Abdьgaдmanbaz dь. Talduu suu degen çerde. 19_29 22 9

Bul Çьldьz degen ьrdь bir ьrcь ьrdaqan, mьndan qьrq çьldar murun, Ьsьq-Koldegy buqular Tekes degen çerdi çerdep turqan, al uвaqьtta alar esepsiz вaj вolqon. Økmət qьrqьzdardь Tekesten Kəlgə 1882-çьlь ajdap tyşyrgən. Oşondo bir ьrcь menen amandaşьp ьrdaqan ьrь, Qaraqolduq Soltoвaj aqьndьn. ~~Çьldьzdan çьlqь aşьrьp~~

Çьldьzdan çьlqь aşьrьp,
Çьrqap çyrdyk zamanda.
Yc quştajdьn вəksəsy,
Çajlap çyrdyk zamanda.
Cьrьldatьp çaş qulun,
Bajlap çyrdyk zamanda.
Manqan menen qordojdu,
Basьp çyrdyk zamanda.
Altьn menen kymyşty,
Taşьp çyrdyk zamanda.
Çьrqaldь qapьr qaştardь,
Çьldьzdan вerki çerine,

НИИКЯЛ
Рукопись № 50
26/VII 1940 г.

Curtuꞑ kөryşyp alьp bastьrdь.
Çьlqь çajluu çьldьzьm
Çьlqьsьƣa qunduzum.
Eki-ekiden kyrөşkөn,
Kylkyꞑ qana ken Çьldьz,
Er azamat bajlanƣan
~~Tylkyꞑ [illegible].~~
Tylkyꞑ qana keꞑ Çьldьz,
Çajьlƣan qojdoj tylkyꞑdy,
Çarьqtьƣьm keꞑ çьldьz,
Çana sanajm kylkyꞑdy,
Өrygөn qojdoj tylkyꞑdy,
Өtkөrө sanajm kylkyꞑdy,
Cegirtkedej tylkyꞑdy,
Cenej albajm kylkyꞑdy,
Mukurmөnyn buruluş
Burulup qajdan cьƣajьn,
Tөlqөn somun bel eleꞑ,
Tөlubaj çurttun çeri eleꞑ,
Mьndan arqь çer anan bol,
Esime sala ketejin,
Ermendyy symбө buruldu,
Elin senden ajrьlьp
Zamanasь quuruldu.
Aralaş ajtьp ketejin
Ajqьr çal menen qajnardь,
Qudaj bilet çanьbar,

Seni qajtьp kelip çajlardь.
Ye mojuntu, ye qapqaq
Ajtьp tursam men caqtap,
Ye mojuntu caqьn saj,
Kyrkyrөөly çьrьntaj,
Kyrdөlyy çurttan ajrьlьp
Kyn cьqьşta çanьbar,
Kylymsyrөp turuşaj.
Özun bulaq Sabьrdь
Ajdap kele çatpajbь,
Senden arqь Sabьrdь.
Beş qaraqaj belinde
Bul çьl qaldьŋ çerinde,
Coloq terek, kөk terek
Cocuqandaj biz kөctyk,
Arca aralaş talь bar,
Atь ujqaş çanь bar,
Istese mьndaj aman bol,
Egiz terek aman bol,
Arada qaldь Aq sajьŋ
Qajsь birge qaqşajьn.
Qajrьlqьsьz zaman bol.
Qajran Aqsaj aman bol.
Arada qaldь Aq suubuz
Açьraj kөcyp baratat
Baj Çunuştaj çaqşьbьz.
Sen da mьnda turasьŋ
Sen kөrgyncө aman bol,

~~Sen korgynoo aman bol.~~
Cegirtkenin caldьвar,
Cenej alвajm çanьвar,
Ceninden kocty ajtajьn,
Oj Taвaldь tyn qatar,
Ojyz-вyjyz kydyryŋ
Qana adьrdaj acьp uduruŋ
Saratan çajdьn aptapta,
Salqьn çajloo qajran sьrt
Sanasa mьndaj zaman вol,
Salqьn sьrtьm aman вol,
Çarьqtьчьm ken Tekes
Telegejiŋ ten Tekes,
Majda caar adьrьŋ,
~~Bajlarъ~~ малга çeter qadьrьŋ,
Çьlqьчa çeter qadьrьŋ.
Çajleoŋ tolqon çalвьraq,
~~Çana вaraŋ~~ жанында турам çaldьrap,
Kerege uuчuŋ çaldьrap,
Kelin-qьz вarat çaldьrap.
Qьmьzdьчьn, qьmьzьŋ
Qьlьчьŋdь sanasam
Icimden sьzam tьmьzьn.
Almaluuвulaq ezenyŋ,
Ajdap вara çatpajьь,
Ajвalьdaj kezelyŋ.

Çijdelyy вulaq ezenyŋ,
Çъjъp вara çatpajвь,
Çin urqandaj kezelyŋ.
Almasь çerge cacьlqan,
Adamdьn keeny acьlqan.
Çijdesi çerge cacьlqan,
Çigittin keeny acьlqan.
Kylygy menen çorqosu
Cekirtini sojloqon,
Oq çьlandaj sojloqon,
Azamatь çъjъlъp
Tamaşaqa tojвoqon.
Qajrьlqьsьz zaman вol,
Qajran Tekes aman вol.
Ørtteŋ , Muzart,Narьnqol
Ortodo вar вeketi
~~Orus degen kop [illegible]~~
Sen da mьnda turasьn,
Sen korgynce aman вol,
Kol qajqьnьn qьrьnda
Kezden çaşьm tъjъlвaj,
Eki çaqьm qarasam
Eesi ketken nemedej,
Eki-ekiden tort вuqu
Elendep turat çanь вar.
Koryp alьp mergender,
Koryşyp alьp вastьrdь.

Ata, eki cyke qalcasa
Taa qonqonu bar ele,
Esenqandьn eline
Koteryp turqan altьnьn
Myjyzyndyn çalqьnь,
Baa bolqonu bar ele.
Qan qalcaŋan cykony,
Taa qonqonu bar ele.
Qandьn qara çaarьna
Koteryp turqan altьnьn
Myjyzyndyn çalqьnь,
Baa bolqon bar ele.
Çana koteryp turqan kymyşyn,
Torego berse çaraqtuu,
Bytyycy ele çumuşun.
Asьnьp turqan baraŋьm
Ajdap çyryp atcu elem
Altьn menen kymyşke
Aralaşa satcu elem.
Buqu menen maralьm
Bilimej qaldь qaraŋьn.
Açьraj kecken ajьвьm,
Alьsqь çerge barabьz,
Aman bolcu qajьвьm.
Qara saz qaldь qalqajьp,
Ulabas qaldь zaŋqajьp,
Calq oodo qaldь calqajьp.

Balьqtь qaldь balpajьp,
Botonun sazь mojmojup,
Qug murun qaldь tomsorup,
Qum tekej qaldь tomsorup,
Calqaqta qaldь caar quduq,
Cacьrattь bul uluq.
Ordogtə qaldь car quduq,
Okymdyk qьldь bul uluq.
Tatьp baram tuzuŋdu,
Birindegen talь bar,
Birisi tiryy çanь bar.
Yc qarqьra quru saj,
Zamandan beri çarьqtьq,
Tikebi baqьp tuzucaj,
Qarьqanda Mutakem
Qaraaldaşьp turuucaj.
Qara qorqon oryşaj,
Çer ortosu quru saj,
Sen da mьnda turasьŋ
Sen korgynco aman bol,
Baltьrqanduu bьcaqaj,
Emi ketip baram qьlcaqpaj,
Kegendin suusun bojloqon,
Kenebesten ojnoqon,
Carьmdьn suusun bojloqon,
Car ucqandaj ojnoqon.
Çeleden ajqьr minişken,

Çerden şaqan eꞑişken.
Çьlqь tijip alьşqan,
Er ɵlyşyp qalьşqan,
Ajrьlqьsьz zaman bol,
Alban[1] çurtum aman bol.
Qarabalta temirdin
Qurc bolbosun bilgemin,
Qara qalmaq çapьrdьn,
Çurt bolbosun bilgemin.
Izdese mьndaj zaman bol,
Esenqan[2] çurtum aman bol.
Baarьꞑdь ajtьp yşɵjyn,
Çarьqtьqьm Ьsьq-Kɵl,
Sen betiꞑe tyşɵjyn.
Qьzьl qьja çarьqtьq,
Çez çaqaluu ton eleꞑ,
Çeti atam aşqan çol eleꞑ.
Altьn çaqa ton eleꞑ,
Altь atam aşqan çol eleꞑ.
Qьzьl qьja bas kelet
Qьlьqtuu çerdi sanasam,
Qьmьrьp kɵzdɵn çaş kelet.
Qara qьja bas kelet,
Qajrьlьp qarap men tursam
Qara kɵzdɵn çaş kelet.
Qьzьl qьja çarьqtьq,
Qьsьlьşьp aşqanda

1. Албан - казак уруусунун аты
Есенкан — Манастын ...

Qьz-kyjoedoj çanaşьp
Qьlьqьnda sanajmьn,
Qьlcajqьsьz zaman bol,
Qьlьqtuu qьja aman bol.
Tabьlqьnьn sarь qьr,
Salaaŋ sajьŋ baarь qьr,
Zamananьn tarь bar
Qajrьlьp çurtuŋ kelgice
Qapa bolbo çanь bar.
Aalьbajdьn altь uulu
Ar kimiŋde miŋ çьlqь,
Atbaşь kezdej baratsaq,
Berbediŋ kycyy bir çьlqь.
Qajrьlqьsьz zaman bol,
Qaraŋqь bajlar aman bol.
Coŋ taştan kecyp ketpegen,
Kecyne mingic çetpegen,
Majlaqan qara buudajdь,
Baqь boorum aman bol,
Bul coŋ taşqa kelgeni
Qara boor menen sarь boor,
Coqulup alьp baarь boor,
Mьndaj malqa çetelek
Abaj qьlsaŋ çamaqat
Yrkyncy menen Bajboqtu
Qolunan qamьştьn taqь ketelek.
Qoroson qьlьc belimde

Qoldoj çatcь qoromdu,
Qaseli cerik elindi
Qorumdu çerdin keni elen
Qoцurat,Saruu el elen,
Qoцurat ketti qozчolup,
Saruu ketti sandalьp,
Çatьp qaldьn Qorumdu,
San qara вolчon вajdь alьp.
Qj icke suu,Taldь suu,
Ortodo qurчaq вulaqьn,
Atвaşь ketti qandajsьn,
Emi ajtsam Teke qandaj
Seni ertelep вaqqan er Balвaj,
Çazь şykyr çemcy ele
Qara koldyn вoruчun,
Emi unutpajt çoruчun.
Buчunu tuudu maraldan,
Bulastaчan er Qarac,
Muцqanьp kecty araldan.
Tekeni tuudu maraldan
Teцirsigen er Qarac,
Termelip kecty araldan.
Atвaşь ketti вaldarь,
Вaqьp qaldь şatьnь
Çaqşь Najman arвaqь,
Çaqasьnda carвaqь,
Qara вatqaq qara çol

II.

Qaraqanьŋ Qaraqol
Qajrьlьp çurtuŋ kelgice
Qapa вolвo qajran çol.
Araвa, cana kөp çyrgөn,
Aŋdьraqan qara çol
Sen da mьnda turasьŋ,
Sen kөrgycө aman вol.
Çele dөвө Kyrmөnty,
Ağьn ata qazьndьsь
Biz ьraaq ketip вaraвьz
Siz ьraazь вolup qalьŋьz,
Qudurqu senin qaşatьŋ,
Dyŋ вulaq senin вaşatьŋ,
Sen da mьnda turasьŋ
Sen kөrgycө aman вol,
Yc өryktyy Bajsoorun,
Coqшu ajtьp qaptьrdьm
Coŋ Qaracqa tapşьrdьm.
Alduu kyctyy sajaqь
Өөdө kөcty sajaqьm
Toqtonвodu ajaqьŋ.
Toqtoqon çeriŋ вajsoruŋ,
Çajьlьp qaldь keŋ sooruŋ.
Aştaşqan aştatьş вaş çaqьŋ,

Kyңgөjyңdy ajtamьn,
Bajcecekej çaвьrap
Өңdөryңdy ajtamьn,
Bir duвan eliң kelgende,
Cajqandьna keltirвej,
Keңdөjyңdy ajtamьn.
Oj kyzdygy sarь adьr
Qoquj tasma qanadьr,
Oj Qulusun çanь вar,
Bөjur mьctaj вolynyp,
Uctanqanьң ajtamьn,
Qudaj mende çurtuңdu,
Qьştaqanьn ajtamьn.
Kyngөj menen teskejge
Teңdigiңdi ajtamьn.
Bir duвan eliң kelgende
Catqandьna keltirвej,
Oj Qulusun çanь вar,
Keңdigiңdi ajtamьn.
Sarь вuluң sar dөвө
Çanaşqanьң ajtamьn,
Çazqa maal tөrqөjun,
Çaraşqanьn ajtamьn.
Çazda kelgen qarqьra
Çazdaqanьn ajtamьn.
Avadaqь qanattuu
Azdaqanьn ajtamьn.

Kyzdө kelgen qarqьra
Kyzdөgөnyn ajtamьn,
Avadaqь qanatьu,
Kysөgөnyn ajtamьn.
Kyңgөj menen teskejiң,
Bet alqanьn ajtamьn.
Çьn quran ajь tuuj elek
Çьвьraqan arьqtь
Kөtorgөnyң ajtamьn,
Aвaj qьlьp qarasam
Betin salьp meltirep,
Bej-вecaara вajquştuң,
Egin salar çajь eleң.
Qalьң çurtuң qaldьвь
Qadiktyy вuluң seni ajtam,
Qazaq, orus aldьвь
Çerdep çatqan çurtuңuz,
Aңьrьp quru qaldьвь,
Baş çaqьңdь men ajtsam
Meltiregen keң kyңgөj,
Ajaq çaqьң Qulusun,
Qulusun senden ajrьlьp,
Qalьң çurtuң qurusun.
Qulusunda çatqanda
Orun alьp qalьptьr,
Qurup qalqan Salmake
Ac вөrydөj ulusun.

Tegin ajtьp netejin
Teꞑtuştar qulaq salsaꞑar,
Teskejin ajtьp ketejin,
Typty ajtam tyrgendy,
Sarьke,Çapaq çyrgendy,
Typ Toloƣoj Toqtoçan,
Tyвy ⱪseniçoqtojun.
Qapьrdьn вasqan вarмaƣь,
Baƣьp qaldь Toqtoçan,
Bajtelinin arвaƣь
Çaqasьnda carвaƣь,
Teskejdegi Saвatar
Tegi çurtqa taꞑ atar.
Termelвegen qapьrьꞑ
Tegi qьtajьna qamatar.
Qьlcajьp çurtuꞑ kelgice,
Qьjqьmdaвa saвatar.
Qьjla çurtqa taꞑ atar.
Saвatarsьꞑ omogyꞑ
Saan uвaƣь вolƣondo,
Qalaaƣa çaqьn qapьraj,
Qoluꞑdan ketpejt kenogyꞑ.
Qaraqoldun qaracь,
Armanda qaldьꞑ qajran çer.
Estese mьndaj zamanвol,
Istejiꞑ menen aman вol.
Çьrƣalaꞑdьn tulpar taş

Birisi tiryy şumqar taş
Kerege taş sar qamьş
Keŋ çajьlma çarьqtьq,
Keŋ Qьdьrqa tapşьrdьm
Qap-qajdaqь coqulup
Qalaa boldun Qaraqol
Qalьŋ çurttun başьna
Bek boldun Qaraqol,
Noqoj aldь yjyndy,
Orus aldь bojundu,
Kynde salьp yjyny,
Cala qalqan nemedej
Cala qazaq qarmadь
Çarвaqqa kişi вarвadь.
Azьr kordyk tentekten,
Açьraj koctyk celekteŋ
Sart qalmaqьŋ вar ele,
Qьrqьzqa çeriŋ tar ele
Dunqan aldь ardьqtь,
Ardьqtan ajlьŋ tardьqtь.
Çalqьz tal mazar talь вar,
Qapьr menen musulman,
Talaşqa tyştyŋ çanьвar.
Uaqь ymytym daqь вar,
Qajrьlqьsьz zaman вol,
Qajran ardaq aman вol.
Çer soorusu Çeti-Ogyz,

Институт языка, литературы и истории
Кир. ФАН СССР
Инв. № 412
58 стр. - 7812



Če qoştoşup ketebiz,
Qoş qara suu, Qoj sarь,
Qoşuŋ menen aman bol,
Qoştoşorqo kişi çoq,
Oj qoquj kel Aq debe,
Sen da mьnda turasьŋ
Sen kergynce aman вol,
Car ucqandaj caвь вar,
Cala kesken kindiktej,
Corcojo вytkon çanьвar,
Oj Orqocor çarьqtьq,
Sen da mьnda turasьŋ,
Sen kergynce aman вol,
Çeti-Өgyz ajlь şaŋ вoldu,
Çeвirejil yc uruq,
Çetken çerge daŋ вoldu.
Tereŋ qazqan aŋ вoldu,
Ata uulunun вaarьsь
Attan alьp salqanda
Adamdьn вaarь maŋ вoldu.
Menin ajtqan sozyme
Maqtanвaqьn uruqtar
Başьnda turqan uluq вar,
Qan Cьnьвaj momoştyk
Qalq qozqolup ne kectyk.
Er Cьnьвaj momoştyk
El qozqolup ne kectyk.

Qudaj qъldъ вaarъnъ,
Ъjlattъŋ Qъlъc qarъnъ,
Qъlъc açъm ketkende
Sъrdaluu qaldъ sarajъ,
Zъrqъradъ dalajъ.
Açъm Qъlъc ketkende
Bordoluu qaldъ sarajъ,
Burquradъ dalajъ.
Ajrъlqъsъz zaman вol,
Açъmdъn şaarъ aman вol.
Şum вalaŋъz Kekeвaj,
Aram ars meke вar,
Çajqъ çajlooŋ Taraqaj,
Qъşqъ qъştooŋ Kekeвaj,
Yc çarqъlcaq taraqaj
Uuru qъlam dejmin dep
Uuru ittej çъmъŋdap
Uşunca çurttun вaarъna
Mъjat вolduŋ Kekeвaj.
Çeldeŋderdin uruqu,
Tigi uraaqъ, qъraaqъ,
Өmyrzaq koөty Cъcqandan,
Dynyjөsy qъsqandan,
Toquzвaj ketti вoluqşup,
Aqъrъnda Toquzвaj,
Nadъrвekke вoluşup.
Aldъ qatqan Toquzвaj,
Sen kөrөrsyŋ oşo çerde

Qocqordu
Keckøn elden korersyn
Kotoryp çyrgon coqmordu.
Sultan sarь Soqu taş
Tygol aldьn taqьr вaş,
Ñarьn вaşь tuura tam
Belgi saldьn Taqьr вaş,
Kempirlerdi kejitpej,
Keniliktej ijiltpej,
Kejitpej ottyn too taştan,
Aвьşqanь arcьndap
Aldь-kijnin tazalap,
Alьp ottyn too taştan.
Arsaq-arsaq too taştьn,
Aşьp turduq akeler,
Alda nece min taştь,
Çoqu menen Cunqurcaq,
Syjgonyn aşьp alqanвьz
Antip alьp onqonвuz
Taraqaj вojloj qonqonвuz,
Oşondo kordyk kezekti,
Çaqьp turdu akeler
Aq yjko вolqon tezekti.
Too-toosunun вaştarьn,
Cьn kelgenin ajtajьn,
Orqojup вulut cьqqanda,
Aq ørko вolqon tezektin,

Tamakige uşstaşьp
Nьm kelgenin ajtajьn,
Mьndan murun akeler,
Taraqaj çajьn kim вilet
Kelde çyryp uqcu elek,
Θtegy sajьn qaqьr taş
Oşondo kərdyk taşqalaq.
Ic eşkenden ajdadь,
Padьşaвьz santalaq.

4 7 3 14 ол. I9/28-22, IX.

Кыйдурген кунде дартынан,
Баштап келдим орусту,
Баш карматтым болушту.
Келе турган заманга,
Кеңитип кеттим конушту.
Эгин айдап бак тигип,
Кенүңөр журтум дыйканга.!
Баш көтөрбөй моюн сун,
Шариат менен мизамга.!
Өзүмдөн кийин калганга,
Өрмөк болсун деп сайдым.
Эл ичинде бир катар,
Эрмек болсун деп сайдым.
Санаама түрдү ой түшүп,
Сапар кетер чагымды.
Түркмен менен Өмүрзак,
Жакшылап баккын багымды.!
Ажал каза жеткен соң,
Акыры пенде өлүүсү.!
Азамат бала тиккен бак ,
Өлгөн жандын белгиси.

Ормондун өлгөнүнө чикиничилик кылган сен деп Кудай-мендени мурдун Ормондун катынына кездирген Сарбагыштар. Кудаймендe Сарбагыштан качып, Бугу болуп Боронбайдын жанына барып жүргөн, өлөрүндө ошого да керээзин айтат:

Бул үйдөгү казанды,
Кичи үйдү кездей ташыды ;
Кудаймендеп жашыды.
Менин көзүм барында,

Бугу жебейт тайыңды.
Менин көзүм өткөн соң,
Кудайменде бучугум,
Таппайсыңбы жайыңды.
Ормон залим зарпынан,
Оюлган тууган дартынан,
Кестирип келдиң мурдуңду,
Келтирип айттың сырыңды.
Басалгалуу сөз айтып,
Басып жүрдүм чырыңды.
Уул өсөт уругма,
Кыр өсөт эжен кырымга.
Кыяталал Ормон зордугу,
Дайын болгон кылымга.
Сарбагыш сенин атагың,
Тарып жатат чатагың.
Жан тууганын тапсын деп
Керээз айтып жазамын.
Бейпил эле Берди бай,
Бей ажал кеткен Тилекмат,
Күкүк эле Тилекмат
Күйгүзүп кеткен эр Балбай,
Булбул эле Тилекмат,
Муңкайып кеткен эр Балбай.
Белимден кетти дарманым,
Капыр менен мусулман,
Чогулуп атка мингениң,
Чогуу жыйын кылганың,
Бир көрбөдүм арманым !

25

Аргымак аттай зыпылдап,

Заман жетер.

139 жол

Жазып тапшырган Абдурахманов Ибраим.

1939 - жыл

Солтобай акын, бүгүнкү Чынгызбайыныкы. Тургаучу менен Шабданды кордогон ыры

Кичине бала чагынан Абдрахманов элден угуп жаттап алган.

Шабдан Жантайдын уулу Анжиян, Кокон хандыгын аскер апарып оруска каратып ошонун натижасында орустан чен алып, чоң бийликтүү даражада болуп, элдин эбин таап түрдүү жол менен мал алгысы келет.

Ошону менен көл бугусуна барып, Ормон хандын кунун алам дейт. Бир нече көп адам менен барат. Шабданга анын жолдошторуна кун эмес, айлына кондурбай, эл ырчысы Солтобай кордоп ырдаган.

Илгертен Ормон дөө болгон,
Курманкожо, Кулжыгач,
Буйлалаган төө болгон.
Ай деп коёр адам жок,
Бекер малга ээ болгон.
Ээн малга эсирип,
Эсиргени кээ болгон.
Баштын деесу бел эмес,
Кедей сагай жөө тынай;
Сен оодарчуу кел эмес.
Келде жаткан көп бугу,
Катыны билип мал берген,
Түн катар, түнтөй эл эмес.
Төмөнтөн Шабдан дөө келди,
Артынан ээрчип Шабдандын,
Аттуу, жөөсү аралаш,
Эки жүз тынай жөө келди.
Кедей сагай жөө тынай,
Кемсел кийдиң көтөрүп,

Кеминден келдиң жетелүп.
Топу кийдиң көтөрүп,
Токмоктон келдиң жетелүп.
Эр Өмүрзак, Чыныбай,
Бири чолпон , бири ай,
Белге таңуу эр тагай,
Бек айтышкан Серкебай.
Айдап энчи алгандай,
Атаң барбы жөө тынай,
Калаңды алгын жөө тынай,
Үйгө айдаган уй куйрук кара таруундан,
Энчиңди алгын жөө тынай,
Энчиңди алган саруудан.
~~Эч кимиң боор ооруба.~~
Энчи бөлүп бергидей,
Энеси белек Тынайдын.
Булар эркеси беле кудайдын,
Ар кимиң боор ооруба.
Ат күчүн бербе буларга,
Аттын күчүн бергидей,
Булар ардагы беле кудайдын.
Бейшекеңди чалдыкбы ?
Белсенип буга бардыкбы ?
Бедеңден башка малың жок
Сенин бедеңди тийип алдыкбы ?
Бересе ~~Кутулбас дөөгө~~ калдыкбы ?
Үйөзгө ишиң салдыкбы !
Боролдоон чалдыкбы,
Болжолсуз арбын бардыкбы.

Бозоңдон башка ашың жок.
Бозоңду төгүп салдыкбы ?
Болбос доого калдыкбы !
Каштегиң башын чалдыкбы ?
Калың бугу бардыкбы ?
Камыштан башка малың жок,
Камышың тийип алдыкбы !
Кары доого калдыкбы ?
Көк көйнөк алган келеңди,
Кайдан таптың белеңди.
Саруу Мратбек алган энеңди,
Билбейсиң Тынай калааңды .
Жаңыл кыз атып өлтүргөн ,
Үчүкө түлкү атаңды,
Жаңыл кыздын атасы,
Белгилүү берең Койгут хан,
Койгуттун кызы эр Жаңыл.
Түп уругу Нойгуттан,
Кунуңду алгын жөө Тынай,
Атаңды сойгон Нойгуттан.
Ой Тынайдын балдары,
Оюңа салам мен муну.
Уяты жок жөө Тынай,
Улак бербейт кел бугу.
Көпичи таштай чачылып,
Абийри журтка ачылып.
Кабылан Шабдан дөө кетти,
Калган каткан көп Тынай,
Кара жол менен жөө кетти.

Баатыр Шабдан кеп айткан,
Деркенбайга кеп айткан.
Солтобайды , Деркенбай,
Өлтүрүп бергин деп айткан.
Намыска тууган кара көк,
Нары мырза, нары бек.
Деркенбай тилин алабы,
Шабдан айткан сөз менен,
Солтобай өлүп калабы.
Өлтүрүчү пейде сен эмес,
Өлүп калчу мен эмес.
Көл башында көп бугу,
Кетирчү намыс эл эмес.
Бугунун эли Белектен,
Келдеген жылкы көрсөтүң,
Көз алартсаң өлөсүң.
Көтөрүп кийген чапаның,
Бычан оруп төлөрсүң.
Көл Бугунун бары бай,
Сан жылкылуу Сарыбай.
Миң жылкылуу Каптагай,
Эр Өмүрзак, Чыныбай,
Кара көйнөк Канай бар.
Нышаныш уулу Малай бар,
Жөө Тынай сенин доо алар жериң далай бар.
Биздин бугу малга бай,
Атаң Жантай көпкөндөн,
Хан Ормонго чалдырган.

Кокондуктун тушунда,
Колунан намыс алдырган.
Солтого катып өз башын,
Көр кулунга ай тамга,
Кандайлыктан салдырган.
Ойлосоң керек артыңды,
Көл Бугу билет чаркыңды.
Солто болуп бир кезде,
Келтиргенсиң баркыңды. 114 шоо

Солтобай Шабдандын колуна түшүп калып, аргасыздан мактап ырдаганы:

Төрө аттанып мал тапса,
Төгөрөкө жол тартса.
Төбөгө келген заманбы,
Төрөгө барып кол берген,
Төрө Шабдан аманбы ?
Падышага баруугa,
Баатыр Шабдан жол тартсаң.
Пайда кылып мал тапсаң,
Башка келген заманбы,
Падышага кол берген,
Баатыр Шабдан аманбы.
Баатыр төрөм сен көрдүң,
Далай сонун кыйынды,
Кашыңа жыйдың жыйынды.
Бизге сунчу колуңду ?
Көрүшмөкө куштармын,
Түзөстүн кудай жолуңду.

Кара жолуң чаптырып,
Каттооруңа үй кылдың,
Кара - Кужур, Төлөктү,
Ырысыңа туш кылдың,
Исар менен Келепти,
Алматы менен Челекти.
Сарбаздарың барысы,
Сарпай кийди чыгарда,
Санатыңдын барысы,
Самаркан менен Бухарды.
Кабарың жеткен Кырымга,
Калпыңды баатыр чыгарбайт,
Калийпа - Султан,Урумга.
Сарпайды алдың бокчолоп,
Салдатты алдың ноктолоп.
Күрөкө алдың бокчолоп,
Кулүктү алдың ноктолоп.
Карабек уулу хан деген,
Барысы бирдей нар деген.
Баяке кулдун өзүндө,
Алынча бузук бар деген.
Соодагер минет эшекти,
Сонундан таптың эсепти.
Солкулдатып кыз алып,
Кайтардың калктын намысын,
Коксндук кылган кезекти.
Көрдүң сонун далайды,
Айдап жүрүп караттың,
Анжиян менен Алайды.

Азирет кудай жар болуп,
Атретке баш болуп,
Ардакталган тулпарды,
Адырга минсе тер чыкпас,
Адигине, Тагайдан,
Ак калпактуу кыргыздан,
Артылып сенден эр чыкпас.
Кынабы келген тулпарды,
Кыйнай минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргызда сенден эр чыкпас.
Андуусунбай эч кимге!
Сорутпай коонун жамандын,
Олуя экен эр Шабдан,
Ойлосом ушул замандын.
Ак сакал келсе бата алдың,
Астына тегуп жал берип,
Адашкан келсе чогулуп,
Ажатын ачтың мал берип.
Карыя келсе бата алдың,
Казы, карта жал берип,
Календер келсе чогулуп,
Кабагын ачтың мал берип.
Коо бузган ж кулук мингиздиң,
Кокондон келген калпага,
Эсенкул, Тынай мас болду,
Эр Шабдан сенин аркаңа,
Карангынын жарыгы,
Шамы болдуң кыргыздын.

Казак, кыргыз атасы,
Каны болдуң кыргыздын.
Түн киргендин жарыгы,
Шамы болдуң кыргыздын,
Айдалганды токтоткон,
Тамы болдуң кыргыздын.
Кеме жүргөн дарыя,
Суусу болдуң кыргыздын.
Айдалганды токтоткон,
Туусу болдуң кыргыздын. 85 жол.

II.

Бугу уругунан Өмүрзак, Карач деген чоң манаптар 1883-жылы көлдөн бир болуш эли менен Атбашыга көчүп барышкан. Максаты черик Моңолдорду сурамак экен. Ошолордун көчкөнүн Солтобай акындын ырдаганы:

Бугуну тууду маралдан,
Буластаган чоң Карач,
Буулугуп көчтү аралдан.
Текени тууду Маралдан,
Текебердүү чоң Карач,
Теңселип көчтү аралдан.
Өмүрзак көчтү Чычкандан,
Кырсык тоорук кыскандан.
Аз көчпөдү көп көчтү,
Өмүрзак, Карач эки дөө,
Атбашыда черикке,
Аким болом деп көчтү.

Акимдикке жарайбы,
Атбашыда көп черик,
Алардын көзүн карайбы.
Теңдигин черик бербесе,
Сурашка күчү келбесе,
Темселеген эки чоң,
Ысык- көл кайта санайбы.
Кутургандан көчүштү,
Кырсык баскан эки дөө,
Бул малынан айрылып,
Чубап келер бары жөө,
Атбашы арзан жер эмес,
Масайел кымбат бөл эмес,
Эки чоң сага сураттчуу,
Черик арзан эл эмес.
Чериктен чыккан эр Матай,
Сага сураш берчүү эр эмес.

Өмүрзак, Карач - Атбашыга көчкөндө, Өкмөт тарабынан кеңи куюш болунуп/ келде жүргөн букара моңолдор, чериктерда, кошо кетет/. Солтобай аларды дагы ырдайт.

Моңолдор кетти болбостон,
Ара жолго конбостон.
Элиндеги манаптар,
Он башыга толбостон.
Черик кетти тартынбай,
Таз кейпинен артылбай.
Байсеркеге барам дейт,
Барып орун алам дейт.

Тууганыма кошулуп,
Жерине эгин салам дейт.
Текесинде жеми бар,
Кетик айткан кеби бар.
Баштыгында жемин бар,
Баатыр айткан кеби бар.
Черикке аман жетсек деп,
Кылып жүрген деми бар.
Чериктер көчтү пыяда,
Абышка менен кемпири,
Жеткүрүп келет - кыяда.
Тайга тердик тартышып,
Танага жүгүн артышып,
Торпок - тана малы бар,
Арман дартын айтышып.
Басалбай жүрөт балдары,
Барысы жатат кыяда.
Абышка кемпир чалдары,
Адамдан башка түрү бар,
Аркасында көтөргөн,
Алда канча жүгү бар. 56 ыр.

Ошол көчүүдө Солтобай акын Ысык - Көл менен коштошкону.

Барыңды айтып үтөйүн,
Айтпай кантип түтөйүн.
Жаныбарым Ысык - Көл,
Сен бетиңе түшөйүн.

Кызыл -Кыя жарыктык,
Жез жакалуу тон элең,
Жети атам ашкан жол элең.
Алтын жака тон элең,
Алты атам ашкан жол элең.
Кызыл - Кыя бас келет,
Кылыктуу жерди санасам,
Кылгырып көздөн жаш келет.
Кара-Кыя бас келет,
Кайрылып карап мен турсам,
Кара көздөн жаш келет.
Кызыл -Кыя жарыктык,
Кысылышып ашканда,
Кыз- күйөөдөй жанашып,
Кылыгыңды санаймын.
Кылчайгыче аман бол,
Кылыктуу кыям аман бол.
Табылгыты, бары кыр ,
Салаа сайын бары кыр.
Замананын тары бар,
Кайрылып журтум келгиче,
Капа болбо жаныбар.
Алыбайдын алты уулу,
Ар киминде миң жылкы,
Атбашы көчүп баратсак,
Бербедиң күчтү бир жылкы.
Кайрылгыче заман бол,
Караңгы байлар аман бол.
Чоң таштан көчүп кетпеген,

Көчүнө мингис жетпеген,
Майлаган кара буудайдай,
Байкуш боорум аман бол.
Бу чоң ташка келгени,
Кара боор менен сары боор,
Чогулуп алып бары боор,
Миндай малга жете элек,
Абай кылсаң калайык,
Үркүнчү менен байбоктун,
Колунан камыштын тагы кете элек.
Корумдуу жердин кени элең,
Коңурат, саруу эл элең,
Коңурат кетти козголуп,
Саруу кетти сандалып.
Жатып калдык корумду,
Сан кара болгон байды алып.
Ой ичке суу, талды суу,
Ортодо кургак булагың,
Оңдо сыңар кулагың.
Атбашы кетти кандайсың,
Ногой уулу ынагың.
Эми айтсам да кандай,
Сени эртелеп баккан эр Балтай.
Жазы шүкү жечүү эле,
Кара көлдүн балык боругун,
Жаныбар унутулбас жоругуң.
Атбашы кетти балдары,
Багып калды шатыны.
Жакшы Найман арбагы,

Жакасында чарбагы,
Кара баткак, кара жол,
Караганың † Каракол;
Кайрылып журтуң келгиче,
Капа болбо кайран жол.
Араба, чана көп жүргөн,
Аңгыраган кара жол,
Сен көргүчө аман бол.
Күңгөй менен кыркындап,
Жолго түшүп шыкылдап,
Айткым келди ар суусун,
Аста секин быкылдап.
Ойтал менен Күрмөнтү,
Жер сонун жыргалым,
Жерин, суусун калтырбай,
Нуска кылып ырдадым.
Желе дебе, Күрмөнтү,
Ышың -Ата, Карындыс,
Биз ~~ыраак~~ алыс кетип барабыз,
~~Силер~~ ыраакы болуп калыңыз.
Кудургу менен Дың булак,
Туруучу элең күлбурап,
Үч өрүктү жыргал жер,
~~Жырган~~ Чоочиде жаткан биздин эл.
Капшытына туурдук,
Калка болгон Ысык -Көл.
Байссоорун менен Аксуу бар,
Кара буурул койсуу бар.
Мында Шыкмаамат деген эли бар.

Жанында Ысык - Көлү бар,
Ушу жерди жердеген,
Эмнеден кеми бар?
Карой, бары ой, үч койсуу,
Чолпон-Ата, Чоктал бар,
Жайы - кышы капкара,
Жыргап жаткан көп жан бар.
Чолпон-Ата, Кессецир,
Тору айгыр менен Дэрест,
~~Жандын бары жыргаткан,~~ бүткөнгө жай болгон
Жалпы жердин сереси.
Талды булак, Кетмалды,
Жердеп турган адамдар,
Күтүп жаткан көп малды.
Жигити жыргап дуулаган,
Адырдан аркар уулаган.
Жайы- кышы бир бирдей,
Жандын бары жыргаган.
Өрдөк - казы каңкылдап,
Көл үстүндө чуулаган.
Жана түштүм жол менен,
Ысык - көлдүн башынан.
Кызыл-кыя, саң таштын,
Кыя салып башынан.
Түргөн менен Аксууну,
Түпжыргалаң, кеңсууну,
Жайылма саны камышты,
Айтып өтөм мен муну.
Кереге - таш, жергезди,
Келтирип айтам ар сөздү.

Жыргаландын өзүндө,
Карнлар айткан сөзүндө,
Тулпар таш деген ташы бар.
Орду менен өзүнчө,
Келтирип айтар машы бар.
Аштажкан аштаж баш жагың,
Кеңдейүңдү айтамын,
Байчечектей бажырап,
Өңдөрүңдү айтамын.
~~Бир~~Бир дубан элиң келгенде,
Чайканына келтирбей,
Кеңдейүңдү айтамын.
Ой күздүгү - сарадыр,
Кокуй тазма канадыр,
Ой, Кулусун жаныбар,
Бейремчедей бөлүнүп,
Учтанганың айтамын.
Кудай менде балдары,
Кыштаганын айтамын.
Күңгө менен тескейге,
Теңдигиңди айтамын,
Бир дубан элиң келгенде,
Чайкандыңа келтирбей,
Ой, Кулусум жаныбар,
Кеңдигиңди айтамын.
Сарыбулуң, бардебе,
Жанашканың айтамын.
Жазга маал төргөйң,

Сайрашканын айтамын.
Жазда келген каркыраа,
Жаздаганын айтамын.
Оводогу канаттуу,
Наздаганын айтамын.
Күздө келген каркыраа,
Күздөгөнүн айтамын.
Оводогу канаттуу,
Күсөгөнүн айтамын.
Күңгөй менен тескейиң,
Бет алганын айтамын.
Чынкуран айы туу(б) элек,
Чыбыраган арыкты,
Көтөргөнүң айтамын.
Калың журтуң калат го,
Аягында жаныбар,
Сени казак, орус алат го.
Жыргап жаткан көп журтуң,
Аңырырын куру калат го.
Башы жагы кең көңдөй,
Аяк жагы кулусун,
Кулусун сенден айрылса,
Көргөн күнү курусун.
Түптү айтам түргөндү,
Сарыке, Шапак жүргөндү.
Түп тологой токтаян,
Түбү сени жоктойин,
Капырдын баскан бармагы,
Багып калды токтаян.

~~Бай тереги арбагы.~~
Тескейдеги саба тар
Теги бир журтка таң атар.
~~Термелбеген капырның,~~
~~Теги бир балаага каматар.~~
Текшилик кэлип эл-журтка,
Теги бир күн таң атар.
Кылчайып журтуң келгиче,
Кыймылдаба сабатар.
Сабатар сенин енегүң,
Саан убагы болгондо,
Калаага жакын капырлар,
Колуңдан кетпейт кенегүң.
Караколдун кара чий,
Кош аман бол кайран чий.
Эж ооган мындай заман бол,
Эшей, соно аман бол!
Кап- кайдагы чогулуп,
Калаа болдуң каракол,
Калың журтуң башына,
Балаа болдуң Каракол.
Ногой алды коюңду,
~~Орус алды боюңду,~~
Күндө салып оюңду.
~~Сарты~~ Коконзук чыгып бир жактан,
Санап алды коюңду.
Чала калган эмедей,
Чала казак кармады,

Чарбакка киши барбады.
Сүткө теңге жүргүздү,
Сүткордугун билгизди.
Бечара ~~барын~~ журтту зарлатып,
Алман койго күйгүздү.
Алман кой кимдин чыгымы,
Манаптар ~~таркатыгынды~~ дын тапкан ыгыны.
Кыргыз элет ичинде,
Кысым болгон туруму.
Май айында кокоюп
Насия жыйчуу сарт келген,
Кою жок жандын барына,
Козголгусуз дарт келген.
Кулагы карыш кой алган,
Жандын барын кыйнаган,
Кой табалбай кембагал,
Бей бечара ыйлаган.
Караколду сарт алган,
Кекүректү дарт алган.
Тандап алган борукту,
Сарт семирип торукту,
Мындан мурун ким керген,
Алман алган корукту.
Азапты кердү ~~кыргыздар~~ калың журт,
Болуш, бий деген тентектен,
Кош аман бол жаннбар,
Айрылып кечтүк Үелпектен.
Сарт калмагың бар эле,
Кыргызга жериң тар эле.
Дуңган алган ырдыкты,

Ырдыктан элиң дырдыкты.
Жалгыз тал мазар талың бар,
Беш уруу журттун ортоҕо,
Талашка түштүң жаныбар,
~~Дагы үмүттүм дагы бар.~~
Айрылгысыз заман бол,
Кайран Ырдык аман бол !
Жер соорусу Жети - Өгүз,
Же коштошуп кетебиз.
Кош Карасуу, Кой- Сары,
Кошуң менен аман бол!
Кош айтышып кетели,
Кокуй - кол менен Ак- Дебе,
Сен көргүче аман бол .
Чаар учкандай чабы бар,
Чала көзгөн киндиктей,
Чорчоё бүткөн жаныбар.
Оргочор сен аман бол,
Кан Чыныбай помошник,
Калк козголуп не кечтүк.
Эр Чыныбай помошник,
Эл козголуп не кечтүк.
Кудай кылды барыны,
Ыйлаттың Кылыч карыны.
Кылыч ажым кечкенде,
Сырдалуу калды сарайы,
Зыркырады далайы.

Бордолу калды сарайы,
Буркурады далайы.
Кылыч ажым кечтүго,
Мечин таштап айга окшоп,
Тилекматтын Чыныбай,
Жети -өгүздү жердеди,
Жети аталуу байга окшоп.
Кызыл -суу, Жууку, Чычкандан,
Ылдап көчтүк ~~Ысык- Көл~~ [элибиз],
Чыныбай ~~биэди~~ [журтту] кыскандан.
Үч Жаргылчак, Ак - Терек,
Айтып айтпай не керек.
Барскоон, Тамга аман бол,
Тосор менен Көкилик,
Ажырай көчүп калганга,
Айрылдык деп шекидик.
Туура там, Тоң, Кашка - суу,
Кош аман бол жаныбар,
Окшобойт сага башка суу.
Коңур-Өлөң, Ала-баш,
Коңурсуган кайран шар.
Аяк жагы бар- булак,
Ак- терек менен шор - булак.
Ыла - кол менен семиз - бел,
Бели текши тегиз бел.
Күңгөй тескей барында,
Жыргап жаткан биздин эл.
Ыр кылганым Ысык - Көл,
Ысылайт белең кайран эл.

Жайлооң менен төрүң ай,
Жайнап жаткан көлүң ай,
Жакаң менен чөлүң ай!
Көз ачканда көргөн жер,
Кичинемде көнгөн жер.
Айдаган малым өнгөн жер,
Аштыгым кумдай көмгөн жер.
Толкунуң ай, шарың ай,
Токоюң ай, талың ай!
Коёнуң койдой жайнаган,
Копшонгон торгой сайраган.
Үңкүрдөн үкү талпынган,
Үстүртөн күкүк чакырган.
Көлүндө бака чардаган,
Көк зоодон теке жардаган,
~~Көргөн адам таң калган.~~
Короосун короз оттогон,
Тоодагы боздо топтогон.
Шалбадан чили чыргыйттап,
Чабагы көлдө ыргыштап.
Ууз кайың тоода бүрдөгөн,
Улары тоода үндөгөн.
Жаныбарым Көл Ата,
Жандын бары төлдөгөн.
Ташы жок жерде тапталып,
Кумдай таруу акталып,
Жайлоого даның сакталып,
Жаныбарым Ысык-Көл,
Жер өтпөс сенден мактанып.

Чилдеде учкан чиркейиң,
Чиркин ай, жайы, кышы бирдейиң.
Көлдө ойногон балыгың,
Көк башы күткөн арыгың.
Ысык - Көл сенден айрылып,
Көп ыйлатко карыбың.
Адам кечпес тереңиң,
Асман мелжеп терегиң.
Жарыктыгым Ысык - Көл,
Жерден башка керегиң.
Жаныбарым Ысык - Көл,
Кылдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы.
Шалдырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Бетегези тулаңы,
Белгилүү жердин наагы.
Жылтырганы шыбагы,
Жылып аккан булагы.
Жайлоосу жакын жанында,
Жалпы кыргыз турагы,
Жайкалып турат бу дагы.
Ысык -Көл деген көлүн көр,
Жалпы кыргыз элин көр.
Күнгөй ,тескей бет алып,
Жыргап жаткан элин көр.
Ысык - Көл сенин өзүңдөн,

Кеткен адам оңобу,
Бай жардысн бип- бирдей,
Кемиткен адам оңобу.
Көлдөн оолап чыкканда,
Ысык - Көлдөн ыкканда,
Жууку менен жуукучак,
Сүйгөнүн ердеп алганбыз,
Арсак, арсак тее ташты,
Абышканы арчындап,
Алды кийнин тазалап,
Алып өттүк тее таштан.
Кемпирлерди кейитпей,
Кекиликтей ийилтпей,
Кейитпей өттүк тее таштан.
Ашып өттүк ошондо,
Алда нече миң ташты,
Ашып ойрон болгонбуз,
Тарагай бөйлой конгонбуз.
Бул жаныбар тарагай,
Тоо, тоосунун баштарын,
Чың келгенин айтайын.
Башынан булут үзүлбей,
Шамалы тынбай шыркырап,
Ак өпке болгон тезектин,
Тамекиге окшошуп,
Ным келгенин айтайын.
Мындан мурун курган жан,
Тарагай жайын ким билет.
Көлдө жүрүп укчу элек,

Өтөгү сайын таш калак,
Ошондо жактык таш калап.
Өчөшүп журтту кууратткан,
Падыша деген сан талак.
Барыбызды куураткан,
Башка ээ кылбай ит манап.

Келдегү Бугу Текести жердеп туруп, элди Чыныбай бийлеп турган. Текес кытайга түшүп кетип орус менен кытайдын жер бөлүүсүндө. Чыныбай Серкебай деген инисин алтымыш солдат жиберип, зордук менен мылтыктап көчүрүп келгенде Солтобай ......... Текес менен коштошуп айтканы:

Кошогу менен сеңириң,
Жаныбарым кең Текес,
Кой туудурар өңүрүң.
Албан, бугу эки журт,
Аралаш жатса кеңириң,
~~Сенден айдады кудай~~ Абырды сенден теңирим.
Такалуудан тай калбай,
Текестен көчтү бай калбай.
Карагай-Таш белинен,
Олоң жетпес чоң шапак,
Ооп көчтү жеринен.
Айдалган көчпөй жатабы ай,
Арманда көчтү такабай.
Наркы атасы Аалыбай,
Аалыбайдын Сарыбай,
Өз Атасы Солтонкул,
Солтонкулдун бай Жунус.

Азама эрге жай Жунус.
Айрылып кечтү Текестен,
Жыргап жаткан жеринен.
Солдат айдап кечүрдү,
Ашырып Төтө белинен.
Кечкен элдин чатагы,
Айтылып өтөт атагы.
Тазабек, Шапак, Коңурат,
Саруу, Саяк, Теңиурат,
Аңгемеси артык бар,
Айтып өтөр анык бар.
Бул кечкендүн ичинде,
Белек менен Артык бар.
Шыкмаамат деген саяктан,
Ырысменде бай кечкен.
Солдат айдап сүргөндө,
Эрте туруп үй чечкен.
Айдап малын сүргөндө,
Агып кеткен жүз жылкы,
Агыястын суусуна,
Адам чыдап тургусуз,
Аскердин салган чуусуна.
Жылдыздан жылкы ашырып,
Жыргап жүрдүк заманда,
Үч куштайдын бексесүн,
Жайлап жүрдүк заманда.
Чыбыратып сан кулун,
Байлап жүрдүк заманда,
Маңкам менен кордойду,

Басып жүрдүк заманда.
Алтын менен күмүштү,
Ташып жүрдүк заманда.
Сыйпалган капыр шаштырды,
Жылдыздан берки жериңе,
Журтуң көрүшүп алып бастырды.
Биринчи жыргал чоң- жылдыз,
Жердеген адам түк жылгыс,
Экинчи жылган бак- жылдыз,
Эстеген адам түк жылгыс.
Жарыктыгым тең - жылдыз,
Телегейи тең жылдыз.
Өрүгөн койдой түлкүңдү,
Өткөрө санайм күлкүңдү.
Жайылган койдой түлкүңдү,
Жана санайым күлкүңдү.

Эки , экиден күрөшкөн,
Күлкүң калды кең- жылдыз,
Эр азамат байланган,
Түлкүң калды кең -жылдыз.
Жигити жыргап дуулаган,
Турмушуң калды кең- жылдыз.
Суусунан кармап алуучу,
Кундузуң калды кең- жылдыз.
Адырдан кууп атуучу,
Аркарың калды кең- жылдыз.
Аңгемеге батуучу,
Дарканың калды кең -жылдыз.

Курбудан кууп атычу,
Кулжаң калды кең- жылдыз.
Кумары күндө каныпчу,
Мурзаң калды кең - жылдыз.
Тектирден терип атычу,
Текең калды кең - жылдыз.
Албан түрдүү ар сонун,
Адам заат пенде жыргаган,
Өзөнүң калды кең- жылдыз.
Айтылбаган сөздөрдөн,
Нечен калды кең- жылдыз.
Жарыктыгым кең Текес,
Телегейин тең Текес,
Майда чаар адырың,
Баарыга өтөр кадырың.
Жылма чаар адырың,
Жылкыга өтөр кадырың.
Жайлооң толгон жалбырак,
Зарланды элиң ~~саркырап~~ аңырап.
Кереге уугуң шалдырап,
Келин-кыз ~~жатат~~ барат жалдырап.
Кымыздыгың, кымызың,
Кылгыңды санасам,
Ичимден сызам тымызын.
Кызыктырган жигитти,
Кыз-келин сенин шыбышың.
Алмалуу булак өзөнүң,
Айдады шыпшап көчүртүп,
Айбаалыдай көзөлүң.

Жийделүү булак өзөнүң,
Жыйып айдап көчүрдү,
Жинургандай көзөлүң.
Жарыктыгым кең Текес,
Алмасы жерге чачылган,
Адамдын көөнү ачылган.
Жийдеси жерге чачылган,
Жигиттин көөнү ачылган.
Күлүгү менен жоргосу,
Чекиртини бойлгон,
Ок жыландай сойлогон.
Азаматы жыйнлып,
Тамашага тойбогон.
Кайрылгысыз заман бол,
Кайран Текес аман бол.
Мукур модун бурулуш,
Бурулуш сени айтайын.
Толгон суунун бели элең,
Толубай журттун жери элең.
Кош жаныбар аман бол.
Эсиме сала кетейин,
Эрменди сүмбө буурулду,
Элим сенден айрылып,
Заманасы куурулду.
Аралаш айтып кетейин,
Айгыр жал менен Кайнарды,
Кудай билет жаныбар,
Сени эмң кайрылып келип жайларды.

Үч Моюнтуу, үч Капкак,
Айтып турам мен чактап.
Үч Моюнтуу, Чаган сай,
Күркүрөөлүү, Чырчытай,
Күрдөлүү журттан айрылып,
Күн чыгышта жарыктык,
Күлүмсүрөп ~~туруучай,~~ калдың ай!
Беш карагай белим ай,
Бекер калды жерим ай!
Чолок терек, көк терек,
Чочугандай биз көчтүк.
Арча аралаш талы бар,
Аты уйкаш жаныбар.
Эстен кеткис заман бол,
Эгиз терек аман бол.
Арада калды Ак- Сайың,
Артыкча какшап зарлайын.
Кайрылгыстай заман бол,
Кайран Ак- сай аман бол.
Арада калды Ак -суубуз,
Ажырай көчүп баратат,
Бай Жунустай жакшыбыз.
Чекиртини Чалдыбар,
Чениңден көчтү айтайын.
Ой, Таабалды, Түн катар,
Саратан жайдын аптапта,
Салкын жайлоо кайран сырт.
Зарланган мындай заман бол,

Салкын сыртым аман бол.
Өрттөң, музарт, Нарынкол,
Ортодо бар бекети.
~~Ордо деген коргуруң,~~
Сенда калың ушунда.
Сен көргүче аман бол.
Көл кайкынын белинде,
Көзден жашым тыйылбай,
Эки жагым карасам,
Ээси кеткен немедей,
Эки - экиден төрт Бугу,
Элеңдеп турат жаныбар.
Көрүп алып мергендер,
Көрүшүп алып бастырды.
Эки чүке калчаса,
Таа конгону бар эле.
Эсен кандын элинэ,
Көтөрүп турган алтының,
Мүйүзүңдүн жалкыны,
Баа болгону бар эле.
Хан калчаган чүкөнүн,
Таа конгону бар эле.
Хандын кара шаарына,
Көтөрүп турган алтының,
Мүйүзүңдүн жалкыны,
Баа болгону бар эле.
Көтөрүп турган күмүштүн,
Төрөгө берсе жаныбар,
Бүтүчү эле жумушуң.

Асылып турган барыцым,
Айдап жүрүп атчу элем.
Алтын менен күмүшке,
Аралата сатчуу элем.
Бугу менен маралыц,
Көрүнбөй калар караанын.
Ажырай кечкен айныбым,
Алыскы нерге барабыз,
Аман болчу ..... кайыбым.
Кара саз калды калкайып,
Улабаш калды заңкайып.
Чалк түйө калды чалкайып,
Балыкты калды палпайып.
Ботонун сазы моймоюп,
Куш мурун калды кумсарып,
Кум төкей калды томсоруп.
Чалкакта калды чаар - кудук,
Чачыратты бул улук.
Өрдөштө калды чаар кудук,
Өкүмдүк кылды булулук.
Татып барам тузуңду,
Биринцеген талы бар,
Бириси тирүү жаныбар.
Үч- Каркыра, Куру - Сай,
Замандан бери жарыктык,
Текө бий багып туруучу ай.
Карыганда мутакем,
Каралдашып турушу ай,
Кара -коргон уруш ай,

Жер ортосу Куру сай.
Сен кергүче аман бол,
Балтыргандуу былчакай,
Калың бугу көп журтуң,
Ыйлап кечтү кылчактай.
Кегендин суусун бойлогон,
Кенебестен ойногон.
Чаарыкдын суусун бойлогон,
Чар учкандай ойногон.
Желеден айгыр минишкен,
Жерден бакан эңишкен.
Жылкы тийип алышкан,
Эр өлтүшүп калышкан.
Айрылгыска заман бол,
Албан журтум аман бол!
Кара- балта, темирдин,
Курч болбосун билгемин,
Кара калмак капырдын,
Журт болбосун билгемин.
Эстесем мындай заман бол,
Эсен хан журтум аман бол!
Өгүз-кечүү, тай - ашуу,
Үч - шыргалаң, Көңүзүм,
Карагай- таш, Ала - Айгыр,
Аман болгун сен дагы,
Ажырап кечтим мен дагы.
Тогуз - торов, Кетмен- бел,
Сенден кечтү биздин эл.
Кетмен- Бел сенден айрылып,

Көзүмдөн агат мончок сел.
Аа, деп айтар үн барбы,
Арасы жакын түн барбы ?
Көңирсигөн көң- Текес,
Кайрылып көрөр күн барбы ?

Солтобай акын бугунун Желдең деген элинен болуп 1860- жылдан баштап атактуу чоң- ырчы болуп эч кайсы ырчы бетине чыгып айтыша алган эмес. Заманында калкка эң кадырлуу болуп, манаптардын кошокторун жана башка толгон мактоолорун Солтобай айткан 1916 - жылда да тирүү болуп китай жерине үркүп барган. 1917- 18 - жылдарда өлсө керек, 80 жаш чамасында.

Солтобай Токтоболот уулу көсөө чоң сары киши болуп ырдаганда ичин солуп ыңгыранып ырдаган.